# (Кыяматта бейиш тургундары бейишке киргенден кийин) бир жарчы минтип жар салат: "Силер эми дени сак болосуңар, эч качан оорубайсыңар! Силер эми тирүү болосуңар, эч качан оорубайсыңар! Силер эми жаш болосуңар, эч качан картайбайсыңар! Силер эми ырахатта блсуңар, эч качан кыжаалат болбойсуңар"

Абу Саъид ал-Худри жана Абу Хурайра (ал экөөнө Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "(Кыяматта бейиш тургундары бейишке киргенден кийин) бир жарчы минтип жар салат: "Силер эми дени сак болосуңар, эч качан оорубайсыңар! Силер эми тирүү болосуңар, эч качан оорубайсыңар! Силер эми жаш болосуңар, эч качан картайбайсыңар! Силер эми ырахатта блсуңар, эч качан кыжаалат болбойсуңар" бул Аллах Тааланын төмөнкү сөзүнө шайкеш: "Кийин аларга: “Бул силердин кылган иш-амалыңар үчүн мураска берилген бейиш” деп жар салынат" (Аьраф, 43-аят).

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бейиш ээлери бейиште ырахат алып жаткан учурда аларга бир жарчы жар саларын кабарлайт: Силер эми дениңер соо болосуңар, бейиште кичинекей да оору болбойт. Эми тирүү болосуңар, бейиште өлүм болбойт. Кичинекей өлүм деп аталган уйку да жок. Силер эми дайыма жаш болосуңар, бейиште эч качан картаюу болбойт. Эми ырахатта болосуңар, бейиште кайгы, кыжаалатчылык болбойт. Муну Аллах Таала да айткан: "Кийин аларга: “Бул силердин кылган иш-амалыңар үчүн мураска берилген бейиш” деп жар салынат" (Аьраф, 43-аят).

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY

لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC
E-Da'wah Committee